«Бекитемин»
И. Арабаев атындагы
КМУнун ректору
Абдраева А.Т.
________________
«___»__________2023-ж.

**И.Арабаев атындагы КМУда 2022-2023-окуу жылында келишимдик негизде (акы төлөө) 570006 – «Кинооператор» багыты боюнча тапшыруучу абитуриенттерди баалоо критерийлери жөнүндө**

**ЖОБО**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын 03-март 835/1 "Абитурениттерди окууга кабыл алууда жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктары керек болбогон даярдоо багыттары менен адистиктери жөнүндөгү" буйругунун негизинде, "2023-2024-окуу жылында И.Арабаев атындагы КМУга кабыл алуунун эрежелерине", "И.Арабаев атындагы КМУга 2023-2024-окуу жылында ЖРТнын жыйынтыгы боюнча абитуриенттерди тандоо жана кабыл алуу жөнүндө жобого" ылайык, 2023-2024-окуу жылында И.Арабаев атындагы КМУнун 570006 – «Кинооператор» адистигине тапшырууда абитуриенттерден жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы талап кылынбайт. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 30-июнундагы №355 "Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына кабыл алуунун тартиби жөнүндө" токтомуна (8-глава, 100-пункт) ылайык, "Абитуриентке сынакка катышууга укук берген минималдуу босого упайы ЖОЖ тарабынан алдын ала белгиленет жана билим деңгээлин аныктоодо эң жогорку упайдын 40%ынан кем болбошу керек".

И. Арабаев атындагы КМУнун 1-курсуна тапшыруучу абитуриенттердин билим деңгээлин аныктоодо төмөнкү баалоо критерийлери кабыл алынган:

570006 – «Кинооператор» багытына тапшыруучу абитуриенттер 3 предметтен тестирлөө тапшырат.

1. биринчи профилдик сынак – англис тили же немис тили;
2. эки предмет боюнча тестирлөө (тарых жана кыргыз же орус тили).

Ар бир предмет боюнча алты же андан аз туура жооптор канааттандырарлык эмес деп бааланат ("2"). Максималдуу упай 90 (токсон), минималдуу өтүү упайы 42 (кырк эки).

Мисалы:

4*6 = 24 упай – канааттандырарлык эмес деп эсептелет
5*6 = 30 упай – канааттандырарлык эмес деп эсептелет
6*6=36 упай – канааттандырарлык эмес деп эсептелет
7*6=42 упай – өттү деп эсептелет ж.б.

Калган эки предмет боюнча ар бир туура жооп 5 (беш) коэффициентине көбөйтүлөт. Ар бир предмет боюнча максималдуу упай 75ти түзөт. Минималдуу өтүү упайы 35.

Мисалы:

4*5 = 20 упай – канааттандырарлык эмес деп эсептелет
5*5 = 25 упай – канааттандырарлык эмес деп эсептелет
6*5 = 30 упай – канааттандырарлык эмес деп эсептелет
7*5=35 упай – өттү деп эсептелет ж. б. (предметтердин ар бири боюнча)

Предметтердин бири боюнча минималдуу упай ала албаган абитуриентке конкурска катышууга жол берилбейт.

Мисалы, эгерде абитуриент предметтердин бири боюнча 6, ал эми калгандары боюнча 7 жана андан ашык туура жооп алса, анда Жобого ылайык бул абитуриент тестирлөөдөн өтпөйт.

Кабыл алууда кабыл алуу комиссиясы үч предметтин жооп берилген упайынын жалпы суммасын эске алат.

**И. Арабаев атындагы КМУнун кабыл алуу комиссиясынын жоопту катчысы** **Э. А. Эшаров**